**Бишкек шаарындагы А.Каниметов атындагы №1 жалпы билим берүүчү гимназия – интернатынын кыргыз тили жана искусство кафедрасынын декадасынын өтүлүшү боюнча анализ**

*2021 – 2022 - окуу жылынын сентябрь айы*

2021-жылы сентябрь айында кыргыз тили жана адабияты, музыка, көркөм өнөр, технология предметтеринин декадасы болду. Декадада кыргыз адабияты предметинен Батыралиева Ж. Б. 5-класска Ы.Шайбековдун “Кайран эл” чыгармасы, технология (чийүү) сабагынан Турусбеков С.А. “Өлчөмдөрдү алуу жана коюу.Өлчөм сызыктары” , кө Дөөлөтбаева Н.Ө. “Жер кыртышы – компос”, музыка сабагынан Нышанбаев К. “Ооз комуздун түрлөрү. Темир жана жыгач ооз комуздар.” ачык сабактарды өтүштү. Сабактардын максаттары окуучулардын позициясына коюлуп, күтүлүүчү натыйжалар ишке ашкандыгы менен сабактар максаттарына жетти. Мугалимдер негизинен окуучулардын сабакта жетише турган компетенттүүлүктөрүн эске алуу менен интерактивдүү ыкмаларды колдонуу менен жандуу, турмушка багытталган сабактарды өтө алышты. Мындан сырткары К.тыныстановдун 100 жылдыгына карата кыргыз тили жана адабияты мугалими Токтосунова Гүлайым 10-11-класстарга “Касым Тыныстановго 100жыл” аттуу илимий изилдөөлөр боюнча тегерек стол өттү. Мында балдар кыргыз элинин алгачкы илимпозу К.Тыныстанов тууралуу маалымат,факт, аргументтерди камтыган рефераттарын, долбоорлорун жакташты. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тил күнүнө карата Калыбай кызы Гүларчын “Мекен тили – эне тилим, ал – менин тилим” аттуу салтанаттуу линейка уюштуруп, окуучулар кыргыз тили боюнча көркөм окуулар, ырлар, бийлер “Манас” айтуу өнөрлөрү аткарылды. Линейкадагы окуучулар салтанаттуу аземдин аягында жалпы “Мекен тили – эне тилим, ал – менин тилим” хор айтуу менен өзгөчөлөндү.

Декадада кафедра мүчөлөрү бири – биринин сабактарына катышуу аркылуу сабактарга анализ берүү, өздүк анализдерин демонстрациялоо менен өз ара тажрыйба алмашышты.

Анализ. Негизинен декада талапка ылайык өттү. Мугалимдер активдүү катышышты.

Сунуш. Кийинки декадада окутуу усулундагы жаңылыктарды алып келүү жана сабакта продукция иштеп чыгууга жетишүү максаттарын көздөгөн иш – чараларды жана сабактарды уюштуруу.

Кафедра жетекчиси Калыбай кызы Гүлбарчын

**Бишкек шаарындагы А.Каниметов атындагы №1 жалпы билим берүүчү гимназия – интернатынын кыргыз тили жана искусство кафедрасынын декадасынын өтүлүшү боюнча анализ**

*2021- 2022 – окуу жылынын январь айы*

Декадада Батыралиева Ж.Б. кыргыз тили предметинен “Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү”, технология предметинен Турусбеков С.А. “Аксонометриялык проекцияда овалды түзүү”, көркөм өнөр предмети боюнч Дөөлөтбаева Н.Ө. “Адамдын тулку бою. Бир шилтем ыкмасында сүрөт тартуу”, Токтосунова Г.С. “Антонимдер” аттуу ачык сабактарды өтүштү. Мурунку декадада берилген сунушту аткаруу үчүн ар бир сабакка жаңылык алып келүү менен сабактын аягында продукцияга жетишүү максаты болду, натыйжада ар бир сабакта өтулгөн тема боюнча окуучулар өздөрүнүн чыгармачылык менен аткарган жумуштары менен сабактар максаттарына жетти. Мындан сырткары Калыбай кызы Г. 9-класстар менен даярдаган “Курманбек” драмасы актовый залга коюлуп, окуучулардын аткаруучулук чеберчиликтерине жалпы коллектив жана окуучулар күбө болушту. Музыка предметинин мугалими Нышанбаев К. 7-класстарга “Аккордеон кайрыктары” аттуу Мастер класс өттү. Мугалим өз колу менен ойногон классикалык, элдик жана улуттук музыкаларды окуучулар темасын,ыргыгын, ритмин, маанайын аныктоо, музыканы сезе билүү компеттенттүүлүктөрү пайда болуп, музыкалык аспапта ойноо шыктарынын жаралышына түрткү болду. Кафедра мүчөлөрү үчүн Калыбай кызы Гүлбарчын “Окуучулардын окурмандык сабаттуулук компетенциясын калыптандыруу жана баалоо” аттуу мини тренинг өттү. Мында мугалимдер функционалдык сабаттуулук жана окурмандык сабаттуулук боюнча маалымат алышты. Окуучулардын окурмандык сабаттуулугу өнүккөндө гана ЖРТ, олимпиадаларда мыкты упайларды топтоп алаарлыгы, башка предметтерди жакшы өздөштүрүүгө жетишээрлиги айтылды. Окурмандык сабаттуулукка жетишүү үчүн кыргыз тили предметинде тексттин түрлөрү менен иштөө натыйжа берээрин мугалимдер түшүнүштү жана кыргыз тили сабагы - кыргыз тилинде окутулган мектепер үчүн башка предметтерге негизги курал экендигин баса белгилөө менен “окурмандык сабаттуулук” жаңы стандартка дал келип “Кептен – грамматикага, грамматикадан - кепке” стратегиясын ишке ашыруу ишмердүүлүгү экендигине ынанышты.

Анализ: Декадада мугалимдер жаңы ыкмалар жана окуучулардын компетенттүүлүктөргө ээ болуу көндүмдөрү боюнча иш алып барышты. Декада жогорку деңгээлде өттү.

Сунуш: Гимназия – интернаттын сабаттуулук деңгээлин өстүрүүгө салым кошуу максатында кыргыз тили жана адабияты мугалимдери РППК тарабынан өтүлүп жаткан “окурмандык сабаттуулук” боюнча курстан өтүү керек.

Кафедра жетекчиси Калыбай кызы Гүлбарчын